
# Тушоо той



Автор: Ысмайыл Кадыров

Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

# Тушоо той

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Тушоо той" (кыргыз тилинде), автор Ысмайыл Кадыров, сүрөтчү Светлана Насынбатова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бүгүн айыл ичи шаңдуу. Анткени айыл эли Нурэлдин тушоо тоюна чакырылган. Тушоо тойго Нуртай апасы менен, Арген чоң энеси менен келишти. Нуртай менен Арген классташ. Аргендин ата-энеси мигрант. Бир топ жылдан бери Сахалинде иштеп жүрүшөт. Үйдө чоң энеси экөө эле жашайт. Ата-энеси дайыма акча салып турат. Бирок Арген акчаны эмес, алардын мээримин каалайт. Ата-энеси менен жүргөн балдарды көрсө суктанат. Алар менен чогуу жүргөнү түшүнө да кирет. Андай учурда эч кимге көрүнбөй ыйлап алат.

Той башталып, эл айыл четиндеги кенен аянтка келишти. Чоң энеси Нурэлдин бутун ак-кара аралаш эшилген жип менен тушады. Ак-кара аралаш эшилген жип жашоодо өйдө да, ылдый да болот деген маанини туюндурат.

Чуркай турган балдарды алысыраак тизишти. “Баштагыла” деген белги болгондо, алар Нурэлди көздөй чымылдап чуркап жөнөштү. Алардын арасында Нуртай менен Арген да бар эле.





Арген биринчи болуп келди. Анын колуна бычак карматышты. Бычак менен Нурэлдин бутун тушаган ала жипти кести. Экинчи келген бала экөө Нурэлди жетелеп:

– Тай, тай, бөбөк, тай, бөбөк. Жолуң шыдыр болсун. Мүдүрүлбө, чалынба! – деп жарыша айтышты.

Аргенге белек беришти. Биринчи болуп келгени менен куттукташты.

– Уулубуз сендей жөө күлүк болсун, адептүү жакшы бала болуп өссүн! – деп тилек кылышты. Андан ары Нурэлди атасы менен апасы жетелеп кетишти.



Арген ата-энеси жетелеп жүргөн Нурэлге суктанды. Атасы менен сүйлөшүп турган Нуртайды да карап койду. Алган белегин кармалап, Аргендин маанайы чөгө түштү.

– Кандай гана бактылуу балдар! Булардын аталары да, апалары да жанында. Менин ата-энем болсо алыста. Аларды көрбөгөнүмө көп болду. Биринчи болуп келгенимди атам, апам көрсө кандай гана бактылуу болор элем. Дагы жакшы, чоң энем бар, – деп ойлонду Арген.

Ошентип ал тушоо тойдо биринчи келсе да, той аяктаганча сабыры суз жүрдү.

Түш оой чоң энеси экөө үйүнө келсе, алыстагы атасы менен апасы үйгө келип калышыптыр. Көргөн көзүнө ишенбеди. Чоң энеси атасын, апасы Аргенди кучактап, кубангандан ыйлап жатышты...

Атасы менен апасы биротоло келгенин айтышты.

– Өзүң туулуп-өскөн жериңе эч нерсе жетпейт тура. Аракет кылып иштесең, акчаны бул жерден деле тапса болот да. Силерди да абдан сагындык. Мындан кийин эч кайда барбайбыз! – дешти алар.

Арген кубангандан кол чаап жиберди.



Чай үстүндө, ал тойдогу жарышта биринчи болуп келгенин айтып, алган белегин көрсөтүп, сүйүнүчү койнуна батпай жатты.

Арген Нуртай досуна телефон чалганды да унуткан жок. Аны эртең мектептен кийин үйүнө чакырды. Кубанычын бөлүшкүсү келди.

Арген бул кечте өзүн абдан бактылуу сезип, көпкө чейин уктай албай жатты.

Бүгүн өзүнүн тушоосу кесилгендей болуп, алдыга ишенимдүү карады. Анткени анын жанында чоң энеси гана эмес, дайыма ата-энеси да болот.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли